**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯСЫ**
(Кыргыз Республикасынын ЖАКы)

**ВЫСШАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**
(ВАК Кыргызской Республики)

**БУЙРУК**

**ПРИКАЗ**

**2019 ж. «08» апрель №18** Бишкек шаары

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Химия жана фитотехнология институтуна жана Ош мамлекеттик университетине караштуу Д 02.17.561 диссертациялык кеңештин курамына айрым өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Диссертациялык кеңеш жөнүндөгү Жобонун 12 п. ылайык 2017-жылдын 29-июнундагы №87 буйрук менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Химия жана фитотехнология институтуна жана Ош мамлекеттик университетине караштуу Д 02.17.561 диссертациялык кеңешине *(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жыл 30-июлундагы №425, 2015-жылдын 30-июлундагы №542, 2017-жылдын 28-февралындагы №125 токтомдорундагы редакцияларына ылайык),* Кыргыз Республикасынын Президиумунун 2019-жылдын 28-мартындагы №056 токтомунун негизинде өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү (протокол №3д/с-4/10) **буйрук кылам:**

1. Г. Г. Омурзаковага 02.00.01 – органикалык эмес химия адистиги боюнча химия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын берүүдө Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндөгү Жобонун 72-пунктунда бекитилген жол-жобонун бузулуусуна жол бергендигине байланыштуу Кыргыз Республикасынын УИАнын Химия жана фитотехнология институтуна жана Ош мамлекеттик университетине караштуу Д 02.17.561 диссертациялык кеңештин төрагасы х.и.д., проф., КР УИАнын акад. Б. М. Мурзубраимов, төраганын орун басары х.и.д., доц. А. А. Зарипова жана окумуштуу катчысы х.и.к., у.и.к. Г. Б. Камбарова диссертациялык кеңештеги аткарган милдеттеринен бошотулсун;
2. Д 02.17.561 диссертациялык кеңештин курамынан х.и.к., у.и.к. Г. Б. Камбарова чыгарылсын;
3. Д 02.17.561 диссертациялык кеңештин мүчөлөрү х.и.д., проф. А. З. Джуманазарова диссертациялык кеңештин төрайымы, х.и.д., проф. Д. Т. Алтыбаева төрайымдын орун басары жана х.и.д., проф. Б. Б. Токтосунова окумуштуу катчы болуп дайындалсын.

Төрайым Б. К. Тыналиева